БАНК КОМПАНЬОН

**Банктык эсеп ачуу үчүн зарыл болгон документтердин тизмеси**

**Жеке адамдар үчүн:**

**а)** Кардардын колтамгасынын үлгүсүн камтыган, Кардар кол койгон Жеке адамдардын банктык эсеп ачуу үчүн анкета-арызы (бланкасы Банк тарабынан берилет);

**б)** бенефициардык ээси бар болгон учурда – анын атайын анкетасы (бланкасы Банк тарабынан берилет);

**в)** Кардар коомдук кызмат адамы болуп саналса – анын атайын анкетасы (бланкасы Банк тарабынан берилет);

**г)** инсандыгын күбөлөндүргөн документи (андан көчүрмөсү алынат).

**14 жашка чыккан өспүрүмдөр үчүн:**

**а)** Жеке адамдардын банктык эсеп ачуу үчүн анкета-арызы, мында анкета-арызга өспүрүм өзү жана анын мыйзамдуу өкүлү (атасы, энеси, багып алуучусу же багуучусу) кол коюшат (бланкасы Банк тарабынан берилет);

**б)** өспүрүмдүн инсандыгын күбөлөндүргөн документи (андан көчүрмөсү алынат);

**в)** 14-16 жаштагы өспүрүм үчүн – анын мыйзамдуу өкүлү (атасы, энеси, багып алуучусу же багуучусу) тарабынан күбөлөндүрүлгөн, өспүрүмдүн сүрөтүн жана колтамгасынын үлгүсүн камтыган форма (Банк тарабынан берилет);

**г)** өспүрүмдүн мыйзамдуу өкүлүнүн (атасынын, энесинин, багып алуучусунун же багуучусунун) инсандыгын күбөлөндүргөн документи (андан көчүрмөсү алынат);

**д)** мыйзамдуу өкүлчүлүктү тастыктаган документ (туулгандыгы тууралуу күбөлүк, соттун чечими жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка документтер).